5. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы – бул дайыма Жакшылык менен Жамандыктын, Өмүр менен Өлүмдүн түбөлүктүү маселелерин көркөм турмушка ашыруу. Согуштун жана зордук-зомбулуктун трагизми адамзат жалпылыгынын улуу бузулуусу катары автордун көптөгөн чыгармалары аркылуу өтөт. Ал адеп-ахлактык тазалыкты жогору баалайт, андан баш тартуу инсан аралык байланыштардын кыйроосуна, зордукка жана жалпы деградацияга алып келет. Анын идеалы төмөнкү болуп саналат: сулуулук, сүйүү жана жакшылык ажырагыс байланышта болуп чыгышат. Бийик маанидеги адам – бул ким Сулуулукту сезимтал кабыл алса жана Жакшылык жасоого жөндөмдүү болсо ошол.

6. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы маданияттар аралык жана конфессиялар аралык диалогго жана толеранттуулукка түрткү берип, маданияттардын ортосундагы көпүрөгө айланган. Анын чыгармалары адамзат болумунун эң бир өзөктүү суроолоруна жооп берип, авторду планеталык маанидеги фигура кылган. Калемгердин чыгармачылыгы бардык мезгилдерде миллиондогон адамдарга адеп-ахлактык таяныч жана руханий байлык тартуулайт.

Адабияттардын тизмеси:

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: I том. Аңгемелер. Повесттер / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 480 б.
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: II том. Повесттер / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 472 б.
3. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: III том. Повесттер. Драма / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 432 б.
4. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: IV том. Роман / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 488 б.
5. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: V том. Роман / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 400 б.
6. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: VI том. Роман. Аңгеме / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 368 б.
7. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: VII том. Роман. Драма / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 384 б.
8. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: VIII том. Дил маектер. публицистика. – Б.: «Турар», 2024. – 416 б.
9. Асаналиев К. Кыргыз эпосунун жаңы доору // Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр. 3 томдук: I том. – Б.: «Кут-Бер», 2018. – 560 б.

УДК 811.512.141 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.543**

ИНСАНДЫК САПАТТАРДЫ ТУЮНТКАН ЛЕКСИКАЛЫК БИРДИКТЕРДИН МААНИЛИК ТҮЗҮЛҮШҮ (Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестинин мисалында)

Жорооева Айнура Рахмановна
ОшМПУнун мамлекеттик тил кафедрасынын аспиранты
a73joroeva@gmail.com
orcid.org/0009-0002-1489-2794

СЕМАНТИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА ЛЕКСИЧЕСКИХ ЕДИНИЦ, ВЫРАЖАЮЩИХ ЛИЧНОСТНЫЕ КАЧЕСТВА (на примере повести Ч. Айтматова «Джамиля»)

Жороева Айнура Рахмановна
Аспирант кафедры государственного языка ОшГПУ
a73joroeva@gmail.com
orcid.org/0009-0002-1489-2794

SEMANTIC STRUCTURE OF LEXICAL UNITS EXPRESSING PERSONAL QUALITIES (on the example of Ch. Aitmatov’s story "Jamila")

Zhoroeva Aynura Rakhmanovna
Postgraduate student at the Department of State Language, OshMPU
a73joroeva@gmail.com
orcid.org/0009-0002-1489-2794

Аннотация

Бул макалада тил илиминдеги инсандык сапаттарды туюнткан лексикалык бирдиктер лингвистикалык жана антропоцентристтик багыттардын кесилишинде изилденген. Изилдөөнүн негизги максаты — кыргыз тилиндеги адамдын мүнөзүн билдирген лексемалардын семантикалык, прагматикалык жана лингвокогнитивдик табиятын ачып берүү. Изилдөө ишинде Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги каармандардын образдары мисалга алынып, инсандык сапаттардын синонимдик катарлары, антонимдик карама-каршылыктары жана фразеологиялык бирдиктердин колдонулуш өзгөчөлүктөрү талданган.

Автор орус жана кыргыз тил илиминдеги илимий мектептердин көз караштарына таянуу менен, лексемалардын улуттук менталитет жана дүйнө тааным менен тыгыз байланышын далилдейт. Макалада инсандык сапаттарды билдирген сөздөрдүн этикалык-моралдык, интеллектуалдык жана эмоционалдык топторго жиктелиши берилип, алардын көркөм тексттеги эстетикалык жана аксиологиялык функциялары айкындалган. Жыйынтыгында, инсандык сапаттарды билдирген лексика жөн гана маалымат берүүчү курал эмес, каармандардын психологиялык эволюциясын жана улуттук кодду чагылдырган негизги механизм экени негизделген.

Ачкыч сөздөр: *инсандык сапаттар, лексема, антропоцентризм, лингвокультурология, көз караштар, синонимдик катар, антонимдик байланыш, фразеологизм, кыргыз тили.*

Аннотация

В данной статье лексические единицы, выражающие личностные качества в лингвистике, исследуются на стыке лингвистического и антропоцентрического направлений. Основная цель исследования — раскрыть семантическую, прагматическую и лингвокогнитивную природу лексем, обозначающих характер человека в кыргызском языке. На примере образов персонажей повести Ч. Айтматова «Джамиля» анализируются синонимические ряды, антонимические противопоставления и особенности использования фразеологических единиц, описывающих личностные качества.

Опираясь на взгляды научных школ в кыргызском и русском языкознании, автор доказывает тесную связь лексем с национальным менталитетом и мировоззрением. В статье представлена классификация слов, обозначающих личностные качества, по этико-моральным, интеллектуальным и эмоциональным группам, а также выявлены их эстетические и аксиологические функции в художественном тексте. В заключение обосновывается, что лексика, выражающая личностные качества, является не просто инструментом передачи информации, а ключевым механизмом, отражающим психологическую эволюцию героев и национальный код.

Ключевые слова: *личностные качества, лексема, антропоцентризм, лингвокультурология, взгляды, синонимический ряд, антонимическая связь, фразеологизм, кыргызский язык*

Abstract

This article investigates lexical units expressing personality traits at the intersection of linguistic and anthropocentric approaches. The primary objective of the research is to reveal the semantic, pragmatic, and linguocognitive nature of lexemes that characterize human personality in the Kyrgyz language. Using characters from Ch. Aitmatov’s novella "Jamila" as a case study, the

author analyzes synonymous series, antonymic contrasts, and the specific usage of phraseological units in depicting personal qualities.

By drawing on established scholarly perspectives within both Kyrgyz and Russian linguistics, the study demonstrates the profound connection between these lexemes and national mentality or worldview. The article provides a classification of words denoting personality traits into ethical-moral, intellectual, and emotional categories, while highlighting their aesthetic and axiological functions within a literary text. The research concludes that the vocabulary of personality traits serves not merely as a tool for information exchange, but as a fundamental mechanism reflecting the psychological evolution of characters and the national cultural code.

Keywords: *personality traits, lexeme, anthropocentrism, linguoculturology, perspectives, synonymous series, antonymic connection, phraseology, kyrgyz language*

Азыркы тил илиминдеги антропоцентристтик парадигманын өнүгүшү тилди адамдын дүйнө таанымынын, психологиялык абалынын жана социалдык ролунун күзгүсү катары караган учурда, инсандык сапаттарды туюнтуучу лексикалык бирдиктердин маанилик түзүлүшүн изилдөө өзгөчө актуалдуу болуп келет. Бул лексемалар – сөздөр, фразеологизмдер, синонимдик жана антонимдик катарлар – адамдын этикалык-моралдык (мисалы, "чынчыл", "адилеттүү"), интеллектуалдык ("акылдуу", "ойчул") жана эмоционалдык ("жүрөктүн жараланууусу", "ысык жан") сапаттарын чагылдырып, көркөм тексттерде каармандардын образдарын түзүүгө, улуттук менталитетти жана психологиялык эволюцияны ачып берүүгө негизги курал болуп эсептелет. Инсандык сапаттарды туюнтуучу лексикалык бирдиктердин маанилик түзүлүшү тил теориясында антропоцентристтик лингвистика, семасиология жана фразеологиянын алкагында системалуу изилденет, анткени бул багыттар сөздөрдүн семантикалык, прагматикалык жана лингвокогнитивдик табиятын комплекстүү талдоого мүмкүндүк берет.

Антропологиялык тил илиминде (А.А. Золковский, Ю.Д. Апресян сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянып айтсак) адам негизги субъект катары каралып алынса, сөздөрдүн мааниси алардын психологиялык ролу жана баалоо функциясы аркылуу ачылат. Мисалы, кыргыз тилиндеги "ак жүрөк" фразеологизми оң моралдык сапатты туюнтуп, Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестинде Даниярдын образында моралдык күчүн жана салттык баалуулуктарын көрсөтөт. Сөздөрдүн маанилик жагын алганда (В.В. Виноградовдун классификасыясына таянып карасак) маанилик түзүлүш сөздүн негизги мааниси же түз мааниси, андан кошумча эмоционалдык түс берүү менен (конотативдик) жана аны контекстте колдонуу бөлүктөрүнө чейин каралат. Сөз айкаштары тактап айтканда туруктуу сөз айкаштары бөлүгүндө (Ж. Шүкүров, Н.Д. Арутюнова) алар өзгөчө түрлөргө ("ички толкундоо" – жашыруун сезимдер; "темирдей эр" – туруктуу мүнөз) бөлүнүп, окшоштуктары ("күчтүү – бекем") менен карама-каршылыктары ("жарык – караңгы") изилденет.

Тил илиминде инсандык сапаттарды туюнткан лексикалык бирдиктерди изилдөө лингвистикалык жана антропоцентристтик багыттардын кесилишинде турат. Тил — бул жөн гана маалымат алмашуу куралы эмес, ал улуттук аң-сезимди, коомдук баалуулуктарды жана адамдын ички дүйнөсүн моделдөөчү система. Кыргыз тилиндеги инсандык сапаттарды билдирген лексемалар улуттук менталитеттин жана дүйнө таанымдын күзгүсү катары кызмат кылат.

Мындай изилдөөлөр кыргыз жана орус тил илиминде бир нече түрдүү көз караштар менен каралып келет. Орус мектебинде адамдын мүнөзүнүн лексикалык семантикасын изилдөөдө Ю.Д. Апресян, Н.Д. Арутюнова жана Е.В. Урысон сыяктуу окумуштуулардын салымы чоң. Ю.Д. Апресян адамдын ички дүйнөсүн ачууда адамдын сапатын сөздөрдүн логикалык түзүлүшү жана психологиялык өзгөчөлүгү аркылуу байланыштырат [2, 350-б.]. Кыргыз тил илиминде бул багыт Б.М. Юнусалиев, Ж. Мукамбаев сыяктуу окумуштуулардан баштап, кийинки муундагы изилдөөчүлөр Ж. Осмонова жана башкалар тарабынан кеңири изилденип келген. Тагыраак айтканда, кыргыз окумуштуулары этникалык ой жүгүртүүгө,

образдуу сөз айкаштарына жана көчмөн маданияттын метафораларына көңүл бурат. Бул айырма кыргыз тилиндеги сапаттардын көркөм-сырдуу мүнөзүн баса белгилейт.

Орус жана кыргыз тил илимдеги мектептер инсандык сапаттарды аксиологиялык баалуулук категориясы катары изилдейт. Бирок, алардын көз караштары бири-биринен айырмаланат. Ал көз караштар боюнча төмөндө бир аз токтолобуз. Орус окумуштуулары сөздөрдүн логикалык-семантикалык түзүлүшүнө жана жалпы психологиялык моделдерге ("акыл", "эрк" сыяктуу) басым жасайт. Кыргыз изилдөөчүлөрү болсо образдарга, көчмөн маданияттын метафораларына жана фразеологизмдерге көңүл бурат. Бул айырма кыргыз тилиндеги сапаттардын экспрессивдүү-образдуу мүнөзүн ачып берет.

Инсандык сапаттардын лексика-семантикалык жиктелиштери боюнча орус окумуштууларынын бири Ю.Д. Апресян өзүнүн "Избранные труды. Лексическая семантика. Синонимические средства языка" (1979) деген эмгегинде сапаттарды баалоочу семантикалык талааларга бөлүп, синонимдердин семантикалык дифференциациясын изилдеген. Ал бир сапаттын ар кайсы лексемалары контекстте ар башка маани чыңалуусун берет деп белгилейт. Ошол эле автордун "Сокровенные смыслы" (2004) жыйнагында конфликттик карама-каршылыктардын психологиялык моделдери да талданат.

Ал эми Н.Д.Арутюнова "Типы языковых значений" (2004) деген эмгегинин бир бөлүмүндө эмоционалдык-этикалык лексемалардын семантикалык түзүлүшүн аныктап, антонимдерди аксиологиялык жуптары катары караган.

Окумуштуу В.В. Виноградов "Основные типы фразеологических единиц" (1947) деген эмгегинде синонимдердин стилистикалык-прагматикалык функцияларын аныктап, лексикалык топторду системалуу жиктеген. Мына ушул окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып, Ч. Айтматовдун "Жамийла"повестинен алынган үзүндү тексттерден, сөз айкаштардан инсандык сапаттардын лексикалык талдоого аракететрди жасадык.

Кыргыз тилинде да инсандык сапаттарды билдирген сөздөр маанисине жана контекстке жараша бир нече семантикалык топко бөлүнөт. Алар адамдын этикалык, интеллектуалдык, эмоционалдык жана социалдык аспектилерин камтыйт.

Ч.Айтматовдун “Жамийла”чыгармасынан инсандык сапаттардын лексика-семантикалык жактан жиктелишине мисалдар төмөнкү таблицада көрсөтүлдү**.**

Тармактар	**Мааниси**	**Мисалдар**
Этикалык-моралдык сапаттар	Коомдук-этикалык нормаларга баа берүү	Ак ниет, адил, чынчыл, боорукер
Интеллектуалдык сапаттар	Адамдын акыл-эс жөндөмдүүлүгүн жана парасатын мүнөздөө	Акылдуу, зирек, эстүү, парасаттуу.
Эмоционалдык-мүнөздүк сапаттар	Ички психологиялык абалды жана темпераментти чагылдыруу	Токтоо, шайыр, сабырдуу, кекчил
Социалдык-мамилелик сапаттар	Башка адамдар жана коом менен болгон байланышты жөнгө салуу	Жардамын аябаган, айкөл, сыпайы, текебер

“Жүрө-бара жеңемдин тамашасына мен да кошулдум. Анткени Данияр Жамийлага өтө эле кадала карай турган болду. Өзгөчө Жамийла кап көтөргөнжө, ал иш арада токтой калгансып, көзүнүн кыйыгы менен аны карайт да турат. Ар ким эле өзүнчө убараланып, жумуш менен алек болгон көпчүлүккө мунусун эч ким байкбайт деп ойлойбй, айтор, үнү кардыккан арабакечтер кыйкырышып, ат-араба тыгылышкан станциянын базар сыяктуу топоплоңдуу короосунда, жалгыз эле Жамийла элден башкача жаралгансып, канчалык кыйналса да, ээн-эркин жердегидей элпек кыймылдап, жайдары күлүп, чын эле көзгө

көрүнбөй койбойт экен..” [1, 135-б.].Повесттен алынган үзүндүнү жогорку таблицанын негизинде талап көрөлү.

Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестинин бул үзүндүсүндө Жамийланын образы аркылуу инсандык сапаттар лексикалык-семантикалык жактан үч негизги топко бөлүп кароого аракеттер жасадык.

1. Этикалык-моралдык сапаттар

"Элден башкача жаралгансып" – бул сөз айкашы аркылуу Жамийланын ички эркиндигин, коомдук нормаларга баш ийбегендик сапатын байкасак болот. Маанилик жактан "жаралгансып" компоненти табигый, жасалма эмес, өз тагдырына моюн сунган инсандык принципти ачып берет. Бул сапат салттуу коомдо "чыдамкай", деген менен көбүнчө **ички адилеттүүлүккө, ички сезимге** таянган мүнөздү көрсөтөт.

2. Эмоционалдык-мүнөздүк сапаттар

"Жайдары күлүп", "элпек кыймылдап" – бул динамикалык лексемалар Жамийланын **сырткы эмоционалдык энергиясын** жана ички жылуулугун чагылдырат. "Жайдары" – экспрессивдүү эмоционалдык абал чынгы негизги мааниси анын ички толкундоосуна кошумча позитивдүү маани берип турат. Ал эми **"Көзүнүн кыйыгы менен карайт"** деген компоненттер жашыруун, бирок терең сезимдик байланышты билдирген көздүн тили.

3. Социалдык-мамилелик сапаттар

"Көпчүлүккө башкача", "жалгыз эле Жамийла" – бул түзүлүштөр Жамийланын **социалдык изоляциясын** жана коомдон айырмаланган өзгөчөлүгүн баса белгилейт. Маанилик жактан караганда "жалгыз эле" сөз айкашы социалдык дистанциянын маркери болсо, ал эми "башкача" компоненти нормадан айырмаланган жеке баалуулуктарды билдирет. **"Канчалык кыйналса да"** – социалдык басымга моюн бербегендик инсандык сапат ачылат.

Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестинде бул бирдиктер каармандардын портретин түзүүдө чечүүчү роль ойнойт. Жамийланын образын берүүдө автор анын позитивдүү мүнөзүн *"тың", "шайдоот"* лексемалары аркылуу ачат [1, 14-б.]. Бул жерде "тың" сөзү жөн гана физикалык күчтү эмес, анын рухий эркиндигин жана турмуштук активдүүлүгүн билдирет.

2. Синонимдик катарлар жана алардын прагматикасы

Кыргыз тили синонимдерге өтө бай. Бир эле инсандык сапатты билдирген синонимдик катарлар маанилик өң-түсү жана эмоционалдык боёгу боюнча айырмаланат. Повестте Даниярдын образын берүүдө автор төмөнкүдөй синонимдик катарды колдонот: *"үнсүз-сөзсүз", "токтоо", "момун"* [1, 28-б.]. **"Үнсүз-сөзсүз"** — каармандын физикалык жүрүм-турумун жана тышкы көрүнүшүн сүрөттөйт. **"Токтоо"** — анын ички психологиялык туруктуулугун, сабырдуулугун билдирет. Алсак, ...Ал унчукпастан, салмак менен бутун сылтый басты. Же болбосо, -Жоош немени ушинте бергениң кандай, жеңе?-деп айтсам, Жамийла... [1, 135-б.]. **"Момун"** — анын коомдогу ордун, башкаларга зыяны тийбеген жупуну мүнөзүн ачат. Бул жерде "жоош" лексемасы "момун" сөзүнүн синоними катары контексттик прагматикалык кызмат аткарып, каармандын коргоосуздугун эмес, анын рухий бийиктигин кыйыр түрдө кабарлайт.

Лингвист-окумуштуу **Ю.Д. Апресяндын** концепциясына таянсак, синонимдердин мындай тизмеги "тилдик көрүнүштүн деталдаштырылышын" камсыз кылат [2, 355-б.]. Даниярдын мүнөзүн сүрөттөөдө автор жөн гана сөздөрдү кайталабастан, ар бир синоним аркылуу каармандын жаңы бир кырын ачып жатат. Демек, **семантикалык дифференциациялык жактан алып караганда** сөздөр бири-биринин маанисин тереңдетип, Даниярдын образын бир өлчөмдүү (пассивдүү) болуудан сактайт. "Үнсүз" болуу — бул физикалык факт болсо, "момун" болуу — бул моралдык тандоо. Ал эми **эмоционалдык-экспрессивдик жактан баалай турган болсок** синонимдер окурманга каармандын ички потенциалын сезүүгө шарт түзөт. Бул боюнча кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча кыргыз тилиндеги адамдын мүнөзүн билдирген синонимдер көбүнчө

каарманга болгон симпатияны же антипатияны түзүүчү курал болуп саналат [1, 92-б.]. **Контексттик баалуулук боюнча карасак** "жоош" жана "момун" сөздөрү повесттин прагматикалык деңгээлинде "алсыздык" эмес, "рухий бекемдик" катары кабыл алынат. Бул — Айтматовдун индивидуалдык стилинин өзгөчөлүгү, ал лексемалардын салттуу маанисин өзгөртүп, аларга эстетикалык жаңы жүк жүктөйт. Демек, синонимдик катарлар повестте каармандын статикалык портретин гана түзбөстөн, анын ички өсүү динамикасын жана айланадагылар менен болгон психологиялык байланышын ишке ашыруучу негизги лексикалык механизм болуп саналат.

3. Антонимдик байланыштар — конфликттин булагы

Антонимдер каармандардын ортосундагы идеялык жана моралдык карама-каршылыкты ачуунун негизги куралы. Повесттеги негизги конфликт адамдык сапаттардын кагылышуусу аркылуу берилет:

1.**"Орой / Пейли тар" ↔ "Айкөл / Жүрөгү кенен":** Повесттеги Осмондун образы Садыкка окшош "эркектик текеберликти" чагылдырат. Анын Жамийла тууралуу айткан одоно сөздөрү Даниярдын аруу сезимине жана *"айкөлдүгүнө"* антонимдик карама-каршылыкта турат. Чыгармадан алсак, “ -Атасынын көрү, кетсе кеткени! Жол-жолдо самсып жүрүп, акыры бир жерде ачтан тороёт да! Катын деген азыр толуп жатат,четинен чертмей... Алтын баштуу катыындан, бака баштуу эр артык...” [1, 177-б.] деген жерде Садыктын оройлугу, текеберлиги “Атасынын көрү”, “самсып”, “тороёт” деген сөздөр аркылуу эле көрүнүп турат. Анан дагы “алтын баш” менен “бака баш” деген маанилик жактан метафоралык карама-каршылык көрүнүп турат. Бул сапаттар Садыкты **"пейили тар, рухий жактан жабыркаган"** образ катары көрсөтөт. Ал эми Осмондун “Ошону айтам да! Согуштун кесепетинен камчынын уусуна сугарылбай жүрбөйсүңбү,...” [1, 119-б.] деген жерде Садыктан кем калышпаган адамдык сапаты, пейилинин тардыгы окшошуп турат.

2.**"Жасалмалуулук" ↔ "Чынчылдык (Табигыйлык):** Садыктын каттарындагы *"милдеттүү"* бирок *"кургак"* сөздөрү Даниярдын *"чын жүрөктөн"* чыккан обонуна каршы коюлат. [1, 114-б.]

Бул антонимдер аркылуу автор окурманга "чыныгы инсандык" менен "салттуу жасалмалуулуктун" ортосундагы чек араны көрсөтөт.

Тил илиминде антонимия жөн гана маниси карама-каршы сөздөрдүн жыйындысы эмес, ал дүйнөнүн дихотомиялык (эки ача) түзүлүшүн чагылдырат. Окумуштуу **Н.Д. Арутюнованын** пикири боюнча, баалоочу антонимдер (жакшы-жаман, аруу-булганган) тексте "норма" жана "аномалия" түшүнүктөрүн калыптандырат [1, 120-б.]. "Жамийла" повестинде Садык менен Осмондун сапаттары ошол кездеги коом үчүн "норма" катары берилсе, Данияр менен Жамийланын сапаттары "аномалия" (өзгөчөлүк) катары көрүнөт. Бирок автордук позицияда бул түшүнүктөр орун алмашат. **Концептуалдык карама-каршылыкта карасак,** повесттеги антонимдер каармандардын жеке келишпестигин гана эмес, эки башка дүйнө таанымдын — эркиндик менен кулчулуктун, сүйүү менен милдеттин кагылышуусун символдоштурат. Окумуштуу Ж. Осмонова белгилегендей, антонимдердин мындай колдонулушу чыгарманын сюжетин динамикалык өнүгүүгө түртөт [7, 62-б.]. **Ал эми аксиологиялык функцияда** антонимдик жуптар (мисалы, *чын жүрөктөн* ↔ *милдеттүү*) окурмандын аң-сезиминде каармандардын моралдык бейнесин дароо ирээтке келтирет. Бул жерде антонимия — каармандардын сапаттарына диагноз коюучу лингвистикалык индикатор кызматын аткарат. **Контексттик чыңалуу жагында** повестте "кургак сөз" жана "жандуу обон" сыяктуу контексттик антонимдердин колдонулушу Ч. Айтматовдун индивидуалдык стилинин өзгөчөлүгүн — абстрактуу түшүнүктөрдү конкреттүү тилдик каражаттар менен карама-каршы коюу чеберчилигин айкындайт.

Демек, антонимдик байланыштар чыгарманын композициялык түзүлүшүнүн өзөгүн түзүп, инсандык сапаттардын ортосундагы ажырымды көрсөтүү менен бирге, окуянын эмоционалдык чыңалуусун эң жогорку чекитке жеткирет.

Метафора жана фразеологизмдердин лингвокогнитивдик табияты да адамдын сапатын ачып берүүдө маанилүү ролду ойнойт. Илимий чөйрөдө метафора жана фразеологизмдер

жөн гана кооздук каражаты эмес, адамдын дүйнө таанымын аныктоочу курал. В.Н. Телия фразеологизмдерди "маданияттын күзгүсү" деп атаса [7, 222-б.], А. Осмонова кыргыз фразеологизмдеринин этнографиялык тамырын баса белгилейт [5, 45-б.]. Ал эми Ч. Айтматовдун каармандарынын инсандык сапаттары көбүнчө туруктуу сөз айкаштары жана терең маанидеги метафоралар аркылуу бири-бирине айкалышып же карама-каршы коюлуп берилет. Бул өңүттөн Даниярдын **"ички бугу"** менен Жамийланын **"жалындаган көздөрүн"** салыштырмалуу талдоо каармандардын психологиялык портретин толук ачууга мүмкүнчүлүк берет. Повестте Даниярдын образы *"ичинде бугу бар", "ичинен тынган"* деген фразеологиялык бирдиктер менен тыгыз байланышкан. **"Ички бук"- б**ул жерде "бук" лексемасы жөн гана капачылык эмес, сыртка чыкпаган, топтолгон, терең рухий толкундоону билдирет. Даниярдын үнү жөнүндө автор: *"Анын үнүндө **тоодой кайрат**, **туңгуюк муң**, **ички бук** бар эле"* — деп жазат [1, 42-б.]. Лингвист Ж. Осмонова белгилегендей, кыргыз фразеологиясында "ички" компоненти менен келген айкаштар адамдын интроверттик (өзүнө багытталган) сапаттарын баса белгилейт [5, 78-б.]. Даниярдын "бугу" анын согуштан алган жарааты гана эмес, анын коомдогу жалгыздыгынын жана ачыла элек инсандык потенциалынын символу.

Даниярдын ички дүйнөсү "туңгуюк" жана "муң" аркылуу берилсе, Жамийланын образындагы ачык-айрымдуулугун, сезиминин күчтүүлүгүн, өз оюн шар айткан өжөрлүгүн, чечкиндүүлүгүн ачкан инсандык сапаттары активдүү энергияны билдирген метафораларга негизделген. **"Көздөрү жалындап"-** Жамийланын мүнөзүн автор *"оту чыккан көздөр", "оттой жанган"* деген метафоралар менен сүрөттөйт. *"Жамийланын **жалындаган көздөрү** Даниярдын обонуна кадалды..."* [1, 45-б.].

Орус изилдөөчүсү **В.Н. Телия** метафоралык баалоодо "от" компоненти адамдын ички эркиндигин, чечкиндүүлүгүн жана эмоционалдык бийиктигин туюнта турганын белгилеген [7, 235-б.]. Жамийланын "жалыны" Даниярдын "бугун" эритүүчү, аны сырткы дүйнө менен байланыштыруучу күч катары кызмат кылат.

Эки образдык бирдикти салыштырсак психологиялык компенсация боюнча Даниярдын ички жан дүйнөсүндөгү "бугу" Жамийланын сырткы жан дүйнөсүнүн "жалыны" менен жолукканда гана чыныгы инсандык эркиндикке жол ачылат. Бул жерде фразеологизмдер каармандардын бири-бирин толуктап туруучу сапаттарын лингвистикалык деңгээлде бекемдейт. "Ички бук" — бул каармандын статикалык, сабырдуу абалынын белгиси болсо, "жалындаган көздөр" — динамикалык, өзгөрүүгө даяр турган сапаттын көрсөткүчү. Ч. Айтматов мындай карама-каршы образдык система аркылуу адамдын ички дүйнөсүнүн эволюциясын көрсөтө алган. Ал эми лингвомаданияттык мааниде "Бук" жана "Жалын" концепттери кыргыз дүйнө таанымындагы "сабырдуулук" жана "эркиндик" баалуулуктарынын көркөм интерпретациясы болуп саналат деген ойду айтсак болот.

Демек, повесттеги фразеологизмдер жана метафоралар жөн гана көркөм деталдар эмес, алар каармандардын инсандык сапаттарынын ортосундагы терең психологиялык байланышты жана алардын тагдырларынын кесилишин аныктаган семантикалык өзөк болуп эсептелет.

5. Функционалдык-прагматикалык аспект

Инсандык сапаттарды туюнткан сөздөр сүйлөшүүдө ар түрдүү коммуникативдик максатты көздөйт. Алар маалымдоо (информативдүү), баалоо (экспрессивдүү) жана прагматикалык функцияларды аткарат. Маселен, "Ал киши өтө жоош" дегенде, "жоош" деген сапат жөн гана мүнөз эмес, ошол адам менен кантип мамиле куруу керек экенин да билдирип турат.

Прагматикалык жактан караганда, бул тилдик бирдиктер адамдар ортосундагы социалдык дистанцияны жана макамды жөнгө салат. Улууларга карата *"акылман", "кыраакы"* деген сылыктык боёгу бар сөздөр колдонулса, теңтуштар арасында *"өткүр", "шайдоот"* сыяктуу ачык мүнөздөмөлөр басымдуулук кылат.

Инсандык сапаттарды туюнткан тилдик бирдиктер кыргыз тилинин лексикалык жана семантикалык деңгээлинде өзүнчө бир татаал системаны түзүү менен бирге, улуттук тилдик

сүрөттүн ажырагыс бөлүгү катары кызмат кылат. Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестинин материалында жүргүзүлгөн комплекстүү талдоо көрсөткөндөй, кыргыз тилиндеги адамдын мүнөзүн чагылдырган лексемалар жөн гана маалымдоочу (номинативдик) милдетти аткарбастан, терең баалоочу (аксиологиялык) жана эмоционалдык-экспрессивдик функцияларды ишке ашырат. Бул бирдиктер каармандардын ички дүйнөсүнүн динамикасын, алардын рухий эволюциясын жана ички карама-каршылыктарын ачып берүүчү негизги куралга айланган. Алсак, синонимдик жана антонимдик кубулуштары каармандарды портреттик мүнөздөөдө деталдаштыруучу жана идеялык конфликттерди лингвистикалык деңгээлде айкындаштыруучу механизм катары чыгат. Ал эми метафоралар менен фразеологизмдердин тутуму "улуттук кодду" алып жүрүүчү элементтер катары, кыргыз элинин дүйнө таанымындагы "айкөлдүк", "сабырдуулук" жана "эркиндик" сыяктуу фундаменталдык баалуулуктарды көркөм тилдин каражаттары менен чагылдырат.

Жыйынтыктап айтканда, инсандык сапаттарды тилдик каражаттар аркылуу изилдөө таза лингвистикалык чектен чыгып, адамдын психологиясын, анын социалдык жүрүм-турумун жана коомдук мамилелерин терең түшүнүүгө жол ачат. Бирок, бул багыттагы изилдөөлөр ушуну менен гана чектелбейт. Келечекте инсандык сапаттарды туюнткан лексиканын лингвокультурологиялык аспектилерин башка каармандардын образдары, ошондой эле азыркы заманбап кыргыз адабиятынын контекстинде салыштырмалуу түрдө изилдөө актуалдуу бойдон калууда. Мындан сырткары, бул лексемалардын прагматикалык потенциалын, башкача айтканда, тилдик бирдиктердин сүйлөшүү процессиндеги таасир этүү мүмкүнчүлүктөрүн когнитивдик лингвистиканын алкагында тереңирээк иликтөө — тил илиминин алдыдагы маанилүү милдеттеринин бири болуп эсептелет.

Пайдаланылган адабияттар:

1. **Айтматов Ч. Т.** Жамийла. Чыгармаларынын 10 томдук толук жыйнагы (Биринчи том). – Б.: “Улуу тоолор”, 2018. – 120 б.

2. **Апресян Ю. Д.** Избранные труды, Том II. Интегральное описание языка и системная лексикография. – М.: Школа "Языки русской культуры", 1995. – 472 с.

3. **Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.** – Бишкек: КР УИАнын Тил жана адабият институту, 2010.

4. **Мукамбаев Ж.** Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. – Бишкек, 2009.

5. **Осмонова Ж.** Кыргыз тилинин фразеологизмдеринин семантикалык структурасы. – Бишкек: Илим, 2001. – 180 б.

6. **Сейдакматов К.** Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Фрунзе: Илим, 1988.

7. **Телия В. Н.** Русская фразеология. Семантический, прагматический и лингвокультурологический аспекты. – М.: Школа "Языки русской культуры", 1996. – 288 с.

УДК 821.512.154:37 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).561**

Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ КААРМАНДАРДЫН СҮЙЛӨӨСҮ АРКЫЛУУ АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ

Ибрагимова Сеула *- ОшМПУ, окутуучу*

Ч. ФОРМИРОВАНИЕ НРАВСТВЕННЫХ ЦЕННОСТЕЙ ЧЕРЕЗ РЕЧЬ ПЕРСОНАЖЕЙ ПРОИЗВЕДЕНИЙ АЙТМАТОВА

Ибрагимова Сеула
Преподаватель Ошского гос. пед. универ. им. А.Мырсабекова